**Ош мамлекеттик университетинин**

**Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин**

**Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн**

**2022-жылдын 26-декабрында өткөрүлгөн кезектеги**

**Кеңешменин отурумунун**

**№4 ПРОТОКУЛУ**

**Кенешменин төрагасы:** ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы

**Кенешменин катчысы:** Жусуева Толгонай Сатаркуловна

Катышкандар: 8

Келбегендер:

**Каралуучу маселелер:**

1. **2023-2024- окуу жылы үчүн бөлүмдүн илимий- изилдөө иштеринин планын бекитүү;**
2. **«Электрондук журнал» системасына силлабус, ОМК, жана методикалык колдонмолордун жүктөлүшү жана алардын сапатын талкуулоо;**
3. **Ар түрдүү маселелер.**

**Угулду: Кенешменин төрагасы: ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович, Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Урматтуу кенешменин катышуучулары!

Кенешмени ачып алсак. Баары – "Макул" , Каршы – Жок, Калыс- Жок

**Угулду: Кенешменин төрагасы: ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы,** Урматуу кесиптештер бүгүнкү кенешмеде каралуучу 1-маселе 2023-жылда кандай илимий изилдөө иштери жүргүзүлдү. Отчетун тапшыруу үчүн Эсенали кызы Гулзина сөз берели.

**Сүйлөдү: Эсенали кызы Гулзина, окутуучу,** 2022-жылдагы илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгын чыгара турган болсок, жалпысынан канааттандырарлык. Себеби, 2023-жылда эки гана окутуучубуз илимий макала жазган. Алар: Аркабаев Нуркасым агай жана Орозов Максат агай. Башка окутуучуларды да 2023-жылга макала жазгыла дегим келет.
Ошону менен катар 2023-2024-окуу жылына түзүлгөн Илимий иштердин планын да карап чыгып, бекитип берсенииздер.
**Сүйлөдү: Жолдубаева Сиренгул Топчубаевна окутуучу,** илимий иштер боюнча планды ишке ашыруу керек. Планды кабыл алууну колдоймун.

**Кенешменин төрагасы: ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы,** Урматтуу кесиптештер, биз билим берүү мекемеси болгондон кийин илимий иштердин үстүндө изденүү менен иш алыр барышыбыз керек. Ошондуктан келгиле 2023-жылы ар биринер макала жазгыла. Макала жазуунун методдору боюнча атайын семинар тренингдерди өткөрөлү. Ушул боюнча ишти тездетели. Анда эмесе, планды кабыл алып, 1-маселени добушка коем.

“Макул”- Баары, “каршы-калыс” -жок

**Угулду: Кенешменин төрагасы: ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Кенешменин катышуучулары, 2-маселе “электрондук журналдын” абалы боюнча журналга силлабус, УМКлардын жайгаштырылышы боюнча, жана анын сапаты боюнча отчетту бөлүмдүн усулчусу Жусуева Толгонайга берели.

**Сүйлөдү: Жусуева Толгонай., окутуучу:** Силлабус, УМКлардын абалы, электрондук журналга жайгаштырылышы боюнча айта турган болсок, орто деп айтам. Себеби, көпчүлүк мугалимдерибиздин силлабустары бар болсо да, журналга жайгаштырылган эмес. Баарыныздар тез арада ушул маселени карап, келе жаткан семестрдикин бутуруп сабак баштала электе жайгаштырып коюнуздар. УМК, силлабустарды 19-бюллетендин негизинде түзүнүздөр.

**Кенешменин төрагасы: ф.-м.и.к., доцент Аркабаев Нуркасым Кылычбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Кенешменин катышуучулары, 2-маселе ар түрдүү маселелерде кимде кандай маселе бар.

1.**Жолдубаева С.Т.-** мен ушул семестрде өтүлгөн ачык сабактардын абалы боюнча да айткым келип турат. Бул семестрде ар бир окутуучунун сабактарына кирдик. Жалпылап айта турган болсом, негизинен жакшы. Эң жакшы деген да окутуучуларыбыз да бар. Мисалы: Орозов Максат агайдын лекциясы өтө жакшы болду. Студенттер менен да кайтарым байланыш жогорку деңгээлде уюштурулган. Сабак өз максатына жетти.

Жалпылап ала турган болсок, ачык сабактардын абалы жакшы деп эсептелет.

**Кенешме айтылган ой-пикирлерди угуп жана талдап төмөндөгүдөй токтом кылат.**

## ТОКТОМ

1. Бөлүмдүн илимий изилдөө иштери боюнча абал канааттандырарлык деп табылсын.
2. 2023-жылына карата илимий изилдөө иштерининин планы бекитилсин.
3. “Электрондук журнал” системасына силлабус, ОМК жана методикалык колдонмолорунун жүктөлүшүнүн сапаты жакшыртылсын.

Баары “МАКУЛ”

**Кенешменин төрагасы, ф.-м.и.к.,**

**доцент:** **Орозов М.О**

**Катчы:** **Жусуева Т.С.**